**Москва жана бүткүл Орус патриархы КИРИЛЛДИН архипастырларга, пастырларга, диакондорго, монахтарга жана Орус Православ Чиркөөсүнүн бардык ишенимдүү балдарына Рождестволук кайрылуусу**

**Кудайды сүйүүчү архипастырлар, чынчыл пресвиттер жана диакондор, кудайды сүйгөн иноктор жана инокиндер, кымбаттуу ага-инилер жана эже-карындаштар!**

Баарыңыздарды Жаратkandын төрөлүшүнүн жана Иисус Христтин куткарылышынын жаркыраган майрамы менен чын жүрөктөн куттуктайм жана байыркы чиркөө гимнинин сөздөрү менен сиздерге кайрылам: *“Христос төрөлөт – даңктагыла! Христос асмандан түшөт – тосуп алгыла! Христос жерде – көккө жеткире көтөргүлө!”* (Рождество канонунун 1-ырынан ирмос).

Апостол Павел болгон окуяны *улуу такыбалык сыр* деп атаган (1 Тим. 3, 16). Бул сырдын алдында жердеги бардык акылмандык коркуп унчукпайт. Анын алдында адам баласынын билими төмөндөйт. Ал эң орой жана ташка айланган жүрөктү жибитип, жумшартууга жөндөмдүү. Бул дүйнөнүн катаалдыгы менен каардуулугунун арасында ар кандай ажырымды жалгыз айыктыра ала турган, бизге чыныгы тынчтык жана чыныгы бакыт тартуулай турган төрөлөт.

Адамзаттын жашоосуна күнөө киргенден баштап, жер бетинде каргашалуу бөлүнүп-жарылуу өкүм сүрдү – жана Жаратканынан, чыныгы Жарык булагынан ажыраган дүйнө караңгылыкка жана башаламандыкка сүңгүп кирди. Бирок Кудай өзүнүн жаратканын таштап, кароосуз калтырган жок. Чыдамдуулук менен куткарылышыбызга кам көрүп, жерге жаралып, жердеги тарыхка кирди жана биздин бирибиз болду. Кудайдын Уулу күнөөдөн башка бардык нерселерде Адамзаттын Уулу болуп калды. Бир кезде Эдем багында жаңырган *“Сен кайдасың, Адам?”* деген кайгыга толгон суроо Вифлеемдин жанындагы караңгы үңкүрдөн жооп тапты. *“Биринчи адам – жерден; экинчи адам - асмандан түшкөн Жараткан”* (1 Кор. 15, 47), деп жазган апостол Павел. Христте, жаңы Адам сыяктуу, *Кудай өзү менен дүйнөнү табыштырды* (2 Кор. 5, 19), адамдын табиятын жаңылап, аны күнөөнүн жараатынан арылтты.

Адамдын жашоосу жана бүтүндөй дүйнөнүн жашоосу Кудайда гана айыгат – бул азыркы майрам көрсөткөн жөнөкөй, бирок абдан маанилүү чындык. Акылман Жаратканды даңазалаган ыйык коркуу сезими менен куттуу Августиндин шыктандырган сөздөрүн бул жерде кантип эстебей коёбуз! *“Сен бизди Өзүң үчүн жараттың, жана Сенде тынч болмоюнча, жүрөгүбүз тынчтыкты билбейт”* (Тобо кылуу). Иисус Христте гана Кудай менен биримдик жана түбөлүктүүлүккө чакырган дүйнөнү жаратуудан адам жашоосунун чыныгы мааниси табылат.

Куткаруучунун дүйнөсүнө келиши – бул биринчи кезекте адамдарга болгон Кудайдын сүйүүсүнүн ачылышы: сүйүү, бир жагынан, чексиз жана

бардыгын жеңүүчү, экинчи жагынан – *бардыгын камтыган, баарына ишенген, толук үмүттөнгөн жана баарын көтөргөн* момундук (1 Кор. 13, 7).

Кантип Жаратканыбыздын улуу сүйүүсүнө татыктуу жооп берип, Ага жакындай алабыз? Бул жакындык биз тарабынан евангелия осуяттарын аткаруу, чыдамкайлык жана бири-бирибизге болгон сүйүү аркылуу жана эң негизгиси Ыйык Евхаристиянын Сырында Христ менен болгон биримдигибиздин тынымсыз жаңылануусу аркылуу ишке ашат жана тастыкталат.

Бүгүн үмүттүн майрамы. Тынчтыктын майрамы. Бейпил кубанычтын майрамы. Төрөлгөн Куткаруучуну даңктоодо жана Аны кооз ырларды жана чиркөө гимндерин ырдоо менен тосуп алууда, биз *дүйнөнүн жарыгы жана жердин тузу* (Мф. 5, 13-14) болуу жана *убакыт болгондо ишеним менен бардыгына жакшылык кылуу* (Гал. 6, 10) жогорку христиандык милдетти эстейбиз. Аза күткөндөргө үмүт тартуулайбыз, көңүлү чөккөндөрдү сооротобуз, жакындарыбыз менен кубанычты бөлүшөбүз жана муктаж болгондорго жардам беребиз – муну менен биз *Кудайга жакын болобуз* (2 Кор. 2, 15) жана төрөлгөн Жаратканга жагымдуу белектерди алып келебиз.

Ар кандай жагдайлардан улам Чиркөөнүн куткаруучу тосмосунан тышкары тургандарга жана Христос жамаатынын жашоосуна катышпагандарга чакырык менен кайрылам: *бизди ушунчалык сүйгөн, Өзүнүн жалгыз Уулун бергенге жүрөгүңдү ач, ошондо Ага ишенген өлбөйт, бирок түбөлүк өмүргө ээ болот* (Ин. 3, 16). Анын чексиз ырайымы жана адам баласына болгон сүйүүсү үчүн Жаратканды жана Куткаруучуну даңктайлы.

Баарыңыздарды Рождество майрамы менен куттуктайм, кымбаттууларым, сиздерге күч-кубат жана туулган Куткаруучу жөнүндө чексиз кубаныч каалайм. *Кудай Атабыздын жана Жараткан Иисус Христтин ырайымын жана тынчтык* каалайм (Еф. 1, 2). Аминь.

**МОСКВА ЖАНА БҮТҮНДӨЙ ОРУС ПАТРИАРХЫ**

*Христостун туулган күнү*
*2025 / 2026-ж.*
*Москва*